1951-жылы жалпы геология кафедрасы түзүлүп, анын биринчи башчысы доцент Х.Д.Фриев болгон.

1956-жылы геолог too инженерлеринин биринчи чыгарылышы болуп өткөн. Иштеп жаткан мезгилинде кафедра 1000ден ашык геолог too инженерин чыгарган, алар мурунку Советтер Союзу, КМШ өлкөлөрү жана чет жерлерде ар кандай аймактарда иштеп жатат. “Пайдалуу кендер геологиясы” кафедрасынын бүтүрүүчүлөрү учурда КРдин геология кызматынын өзөгүн түзөт. “ПКГ” кафедрасынын бүтүрүүчүлөрүнүнү арасында КР УИАнын 2 академиги: У.А. Асаналиев, А.Б.Бакиров, СССР жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаттары – 11; алардын ичинен У.А. Асаналиев; В.А.Ставинский; К.О.Осмонбетов Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты. ПКГ кафедрасынын бүтүрүүчүсү А.О.Маралбаев учурда У.Асаналиев атындагы Кыргыз too кен-металлургия институтунун директору болуп иштейт, О.Д.Кабаев – академик У.А.Асаналиевдин шакирти – КИМС директору. Кафедрада 6 профессор, 3 доцент, 4 улук окутуучу, 4 окутуучу иштейт.



Кафедра төмөндөгү адистиктерде жогорку квалификациялуу адистерди даярдайт:

**1. Геологиялык тартым, пайдалуу кен издөө жана чалгындоо**

**2. «Колдонмо геохимия, минералогия жана петрография»**

**3. «Кен геологиясы»**

*Кафедранын үйрөнүү лабораторийлери менен «Кегети» жана «Кажысай» сыяктуу үйрөнүү полигондору бар*

- «Кегети» үйрөнүү полигону

Биринчи курстан кийин жана геологдор менен too жумушчулары үчүн талаада геологиялык машыгуу практикасынын жүргүзүлүшүнө арналган;



- «Кажысай» үйрөнүү полигону экинчи курстан кийин талаада геологиялык тартуу машыгуу практикасынын жүргүзүлүшүнө арналган.




Лабораторий дарсканалары:

Аналитикалык лаборатория, спектрал анализ лабораториясы, жылмалоо устаканасы, жалпы геология, минералогия, литология, петрография жана петрология, түзүм геологиясы жана геокарталаштыруу лабораториялары; Тянь-Шань рудаларын, пайдалуу минералдарын, пайдалуу минералдардын руда жана руда эмес күйүүчү индустриялык кендерин изилдөөнүн лабораторий усулдары,

металлогения жана локал божомол, палеонтология негиздери бар тарыхый геология.





***Кафедранын төмөндөгү өндүрүш жана илим уюмдары менен келишимдери бар:***

- Мамлекеттик геология жана жер казынасын пайдалануу агенттиги,
- КР УИАнын М.Адышев ат. «Геология» институту,
- КР УИАнын Сейсмология институту;
- «Кум-Төр» ЖАК, «Кыргызалтын» ААК жана башка көп геологиялык фирмалар. Бул ишканаларда геолог студенттер өндүрүш жана диплом алдындагы практикаларын өтөт. Бүтүрүүчүлөрдүн 60-70%га жакыны өз адистиги боюнча жумушка орноштурулган. Лекция, консультация окуусу, диплом долбоорлоо жана долбоор резенциялоосу үчүн кафедра УИАнын академиктери менен тажрыйбалуу өндүрүшчү адистерди чакырып турат.

Айрыкча Россия, Казакстан, Өзбекстандын геология багытындагы жождору менен академиялык институттары менен тыгыз байланышта.

*Геология музейи* – 5500дөн ашык тоо кен теги, рудасы, минерал жана байыркы жаныбарлардын палеонтологиялык калдыктарынын үлгүлөрү бар Борбордук Азиядагы жождордун арасында өң ири геология музейи;



Үйрөтүү мамлекеттик бюджет жана контракт формасында жүргүзүлөт. КР студенттери үчүн күндүзгү үйрөнүүдө контракт формасындагы жылдык акы – 37200 сом, жакын чет өлкөлөрдүн студенттери үчүн – 46800 сом, алыс өлкөлөрдүн студенттери үчүн – 120900 сом, аралыктан үйрөнүүдө КР студенттери үчүн – 31200 сом, жакын чет өлкөлөрдүн студенттери үчүн – 37440 сом, алыс өлкөлөрдүн студенттери үчүн – 96720 сом.

**Дарегибиз:**

**Бишкек ш., Чүй проспекти, 164**
**Тел. 61-05 -97 (каф., жумуш.)**
**Эл.почта: geologygpi@mail.ru**

**«Пайдалуу кендер геологиясы» кафедрасы**
**И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети**

**акад. У.Асаналиев атындагы Кыргыз тоо кен-металлургия институту**

# «ПАЙДАЛУУ КЕНДЕР ГЕОЛОГИЯСЫ» КАФЕДРАСЫ

**Бишкек 2024**